Улуу Ата-Мекендик согуш учурунда (1942-ж. октябры 1945-ж.15 - октябры) адегенде Рузаевка шаарындагы Жумушчу Дыйкан Кызыл армиясынын үгүттөөчүлөрүнүн Аскердик Саясий окуу жайынын үгүттөөчүсү жана ошол эле учурда окутуучусу, (1942-ж. октябры 1943-ж. майы) андан соң Белорус-Литва АО полкунун агитатору жана дивизиялык партиялык мектептин окутуучусу (1943-1945-жж.) болгон. 1945-ж. октябрда Советтик Армиянын катарынан кайтып келгенден тартып, 1946-ж. 1-июлга чейин КМПИнин СССР тарыхы кафедрасынын доценти, 1946-ж. июлдан - 1951-ж. 15-сентябрына чейин аталган кафедраны башкарат. (4) Анварбек Хасанович Хасанов 1951-1962-жж. кафедранын катардагы доценти, ал эми 1962-ж. 1-апрелинен тартып (5) өмүрүнүн акырына чейин дээрлик 22 жылдан ашык убакыт кайрадан СССР тарыхы кафедрасынын башчысы кызматында эмгектенди. Ортодо 1963-ж. (5.XII)-1964-жылдары (1-октябрь) КМУ тарых факультетинин деканынын милдетин да кошумча аткарган (109-бет, 123-бет) Хасанов А.Х. Кыргызстанда саясий жана илимий билимдерди жайылтуу боюнча Коомду уюштуруунун демилгечилеринин бири болгон. 1947-ж. тартып, Республикалык Коомдун уюштуруу комитетинин мүчөсү, 1949-1956-жж. Коомдун Башкармалыгынын Президиумунун, кийинчерээк кыйла жыл башкармалыктын мүчөлүгүнө үзгүлтүксүз шайланып турган (6). Мындан тышкары 1941-ж. июнь-августа ККПБК парткурсунда, 1945-1956-жж. Кыргызстан КП БК алдындагы республикалык партиялык мектептин тарых кафедрасында доцент, 1946-ж. 1963-ж. чейин КПСС БК ЗВПШ кыргыз консультативдик пунктунда доценти кызматында да бирге иштеп келген (7). Агай телегейи тегиз, толкуп ташып турган чагында 1962-ж. Москвадагы СССР ИА ЧТИ докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргойт. Ошондуктан кийинки жылы СССР ЖАОББ министрлигинин алдындагы ЖАК тарабынан (1963-ж. 6-июль) ага т.и.д. илимий даражасы (8), 1964-ж. 25-мартта профессор илимий наамы ыйгарылган [9]. Андан жыл айланбай, 1965-ж. апрелде Кыргыз ССР ИА жалпы жыйынында корреспондент-мүчөлүккө шайланат (10).

Айтылган маалыматтардан ачык көрүнүп тургандай, Анварбек Хасанович Хасанов агартуу системасынын бардык баскычтарын ирээти менен кезегин бузбай басып өтүп, улам барган сайын ийне менен кудук казгандай интеллектуалдык көрөнгөсүн байытып отурган. Арийне, ал байлыгын баба дыйкан жылыга жазга маал кош чыкканда айдоого даркан талаага үрөн сепкендей жүздөгөн шакирттерине, студенттерге берүүгө ашыкчу. СССР элдеринин жаңы доордогу тарыхы боюнча жана Эл достугу, анын тарыхый тамырлары тууралуу окуган лекциялары ал кезде факультеттин, университеттин ажарын ачып, көркүнө көрк кошуп тургандай туюлчу бизге. Адатта аалымдын сабагы мазмунунун байлыгы, ой толгоолорунун оргиналдуулугу, жыйынтык тыянактарынын ынанымдуулугу менен айырмаланчу. Айрыкча ар кыл аргументтерге ширелген эл достугу, ынтымагы жөнүндө эл аралаганда такай айта жүрчү түбөлүктүү идеялары азыр да өз маанисин жоготпой тургандай сыяктанат. Анан калса аң сезими күчтүү агай студенттерге, ар дайым камкордук көрүп, көмөк көрсөтүп абдан аяр мамиле кылаар эле. Андай мамилени жаңыдан кафедрасында иштей баштаган жаш окутуучулардан, улгайган кесиптештеринен да талап кылганына далай жолу өзүбүз күбө болгон элек.

Айтор табият тартуулаган шык-жөндөмү келишкен кылдат тарбиячы, чебер устат эле - биздин агай. Башкасын айтпаганда да, анык илимий жетекчилиги менен Кыргызстанда 24 кандидаттык, 8 докторлук диссертациянын корголушу мээнетинин өтө берекелүү болгонунан кабар берет. Алардын катарында т.и. докторлору кийинки академик С. Табышалиев, А. Чукубаев, Ж. Саркеев, М. Кучуков, М. Исабекова, Т. мырзабеков, Ж. Жакыпбеков, Т. Өмүрбеков ж.б. бар эле.

Профессор Хасанов А.Х. өз мезгилинде союздук деңгээлге көтөрүлө алган чыгаан тарыхчы болгону илимий коомчулукка жакшы маалым. Ал замандаштары алгачкы академиктер Б. Жамгерчинов, С. Ильясов ж.б. менен бирге Кыргызстанда тарых илиминин түптөлүшүнө, салым кошкону шексиз. Анварбек Хасановичтин алгачкы курч мүнөзүндөгү терең мазмундуу илимий макалалары адеп 1941-ж. тартып, ММКда жарыялана баштаган. Бирок чоң илимпоз, дасыккан окумуштуу катары чыгармачылыгы ташкындаган курагы XX к.

60-70-жж. туура келет. Дал ошол жылдарда ааалымдын калеминен “Из истории - Киргизии с Россией” (1959), “Экономические и политические связи Киргизии с Россией” (1960), “Взаимоотношения киргизов с Кокандском хандством и Роосией” (1971), “Народные движения в Киргизии в период Кокандского хантсва” (М., 1977) сыяктуу ондон ашуун көлөмдүү эмгектер, 200гө жакын илимий-популярдуу китепчелер менен макалалар жаралган. Алардын көбү азыр сейрек кездешүүчү китептерге айланып кеткени маалым.

А. Хасанов айрым бир маселени изилдөө менен чектелбеген көп кырдуу окумуштуу эле. Алсак, ал кезинде профессор З. Эралиев баса белгилегендей үч багытта алектенген: (11)

1. Кыргызстандын Россияга киргизилиши жана анын прогрессивдүү натыйжалары;
2. XIX к. экинчи жарымы - XX к. башындагы Кыргызстандын жана жалпы эле Орто Азия элдеринин улуттук - боштондук кыймылы;
3. СССР элдеринин достугунун тарыхы;

Профессор З. Эралиевдин аныктамасына кошумча иретинде биз А. Хасановдун илимий изилдөөлөрүнүн дагы бир багыты же 4-өнүгүү Улуу инсандын Кыргызстандын тарыхындагы ролун ачып берүү болгону айтпаса да түшүнүктүү демекчибиз.

А.Хасановдун докторлук диссертациясына академик И. Додонов мындайча баа берген экен: “Автордун (А. Хасановдун) сиңирген эмгеги жогорудагы жоболорду толук ачып берүү үчүн көп сандаган архивдик булактардан өтө зор материалды мобилизациялагандыгында турат. Ал кыргыздардын Кокон хандыгы жана Россия менен өз ара мамилесин оригиналдуу чечмелеп, алдыга коюлган проблемаларды өз ара мамилесин оригиналдуу чечмелеп, алдыга коюлган проблемаларды өз бетинче чече алган, оомалуу-төкмөлүү, оош кыйышы көп ошол процесстин карама каршылыктуулугун жана татаалдыгын өтө ишенимдүү ача алган” (12).

Ал эми Өзбекстандык таанымал тарыхчы, профессор Х. Зияев А. Хасановдун көз карашы бир калыптагы, туруктуу, мыкты окумуштуу катары артыкча касиеттери тууралуу мындай деп баса белгилеген: “ А.Х.Хасанов - крупный ученый и известный педагог - пользовался большим авторитетом среди научной обүественности Узбекистана. Его оригиналные научные труды нашли свое отражение не только в истории киргизов, но и узбеков. В этом плане следует отметить труды А.Х. Хасанова, посвяүенные истории народно-освободительного движений в конце XIX века. В оценке этих движений Анварбек Хасанович всегда занимал неизменную позицию, тогда как другие ученые меняли свои концепции в зависимости от указаний “сверху”” (13).

Албетте А. Хасановдун илимий эмгектерине атак-данктуу ал аалымдардан артык аныктаманы, бааны бериш мен үчүн кыйын. Анын үстүнө бул өңүттө алдыда дагы айтыла турган ойлор.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Сыдыков О. Тарых кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы. Ф.: Кыргызстан, 1990 22-23-беттер. а. Ж. Баласагын атындагы КУУ архиви. СССР тарыхы кафедрасынын башчысы А.Х.Хасановдун өздүк иши. Н: 18.09.51. О: 3.07.84. 9, 11, 15, 33, 34, 79; 86, 90, 99-100, 116, 201, 234, 291, 316, 317-беттер
2. Эралиев З.Э. А. Хасанов - видный ученый историк Советского Кыргызстана. // Исторического чтения. Ф., 1989 5-6-беттер;
3. Зияев Х.С. История народно-освободительных движений в трудах А.Х.Хасанова // Хасанов А. Избранные труды, очерки по истории Киргизии. / Сост. А.Церенова - Б., М.: 2004. 207-208-5-беттер.